**МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ**

**ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЯЗЫК**

**STATE LANGUAGE**

***Бексултанов Эрмек Асанакунович***
***К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети***
***аспирант***

# КЫРГЫЗ ТИЛИНИН МОРФОЛОГИЯСЫНЫН МАТЕРИАЛДАРЫНЫН ОРТОҢКУ КЛАССТАР ҮЧҮН ОКУУ ПРОГРАММАЛАРЫНАН ОРУН АЛЫШ ТАРЫХЫНАН

***Бексултанов Эрмек Асанакунович***
***аспирант***
***Иссык-Кульский государственный университет имени К. Тыныстанова***

# ИЗ ИСТОРИИ РАЗМЕЩЕНИЯ МАТЕРИАЛОВ МОРФОЛОГИИ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА В УЧЕБНЫХ ПРОГРАММАХ ДЛЯ СРЕДНИХ КЛАССОВ

***Beksultanov Ermek Asanakunovich***
***Graduate aspirant***
***Issyk-Kul State University K.Tynystanov***

# FROM HISTORY OF PLACING OF MATERIALS OF MORPHOLOGY OF KYRGYZ OF LANGUAGE IN ON-LINE TUTORIALS FOR MIDDLE CLASSES

***Аннотация:*** *Макалада кыргыз тилинин морфологиясынын материалдарын орто мектептин 5-класстарында үйрөнүү үчүн 1931-жылдан тарта бүгүнкү күнгө чейин окуу программаларынан орун алышы жөнүндө сөз жүрөт. Мында окуп-үйрөнүү үчүн сунушталган материалдардын кыскача баяндалышы, аларга сааттардын бөлүнүшү тууралуу айтылат. Келтирилген сунуш-багыттамаларга кыскача талдоолор берилип, алынган натыйжаларга салыштыруулар жүргүзүлөт.*

*Талдоонун жүрүшүндө окуу программаларынын алгылыктуу жактары, кемчиликтери көрсөтүлдү, жыйынтыгында баяндалган көйгөй боюнча жекече ой-пикирлерибиз, сунуштарыбыз берилди. Макала мектеп мугалимдерине, кыргыз тилинин мектепте окутулуш тарыхын изилдөөчүлөргө, окумуштуу-методисттерге деп арналып жазылды.*

***Аннотация:*** *В статье речь идет о размещении материалов морфологии кыргызского языка для изучения в 5 классах средних школ с 1931 года по сегодняшнего дня в учебных программах. Здесь кратко излагаются предложенных для изучения материалы и их распределение. К аннотациям учебных программ даны краткие анализы, проведены сравнения полученных результатов.*

*В ходе проведении анализа указаны приемлемые стороны и недостатки, в результате даны личные мнении, предложении по изложенной проблеме. Статья предназначена для учителей школ, исследователям истории изучения кыргызского языка, ученым-методистам.*

***Annotation:*** *In the article the question is about placing of materials of morphology of kyrgyz language for a study in 5 classes of high schools from 1931 on today in on-line tutorials. Here briefly expounded offered for a study materials and their distribution. By the curriculum annotations are brief analyzes, The results are compared.*

*In motion realization of analysis acceptable parties and defects are indicated, as a result the personal are given opinion, suggestion on expounded issue. The article is intended for the teachers of schools, to the researchers of history of study of kyrgyz language, scientists Methodists.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *морфология, окуу планы, окуу программасы, кыргыз тили мугалими, кыргыз тили сабагы, окуу-нормативдик документ, уңгу жана мүчө, сөз өзгөртүүчү мүчө, сөз түркүмдөрү, зат атооч, сын атооч, сан атооч, этиш.*

***Ключевые слова:*** *морфология, учебный план, учебная программа, учебно-нормативный документ, учитель кыргызского языка, урок кыргызского языка, корень и аффикс, аффикс словоизменения, части речи, имя существительное, имя прилагательное, имя числительное, глагол.*

***Key words:*** *morphology, curriculum, on-line tutorial, educational-normative document, teacher of kyrgyz language, lesson of kyrgyz language, root and affix, affix of inflexion, part of speech, noun, name adjective, the name is a numeral, verb.*

Кыргыз тилинин морфологиясынын толук эмес жана толук орто мектептин V классында алгач окутулуп баштаганы жөнүндөгү маалыматты профессор А. Осмонкуловдун изилдөөлөрүнөн жолуктурабыз. Ортоңку класстар үчүн 1933-жылы түзүлгөн окуу планына ылайык, кыргыз тилин V класста окутууга жумасына 4 саат убакыт каралган. 1934-жылы түзүлгөн программада ар бир сабак боюнча берилген материалдардын жайгаштырылышы белгилүү бир системага келтирилип, ВКП(б)нын 1930-жылдагы токтомунда көрсөтүлгөн кемчиликтер негизинен жоюлган. 1937–1938-окуу жылына карата V–X класстар үчүн кыргыз тилинин программасы кайрадан такталып, толукталып басылып чыгарылган. Бул окуу-нормативдик документте V класста морфологияга тийиштүү материалдардан уңгуну жана мүчөнү, алардын түрлөрүн, сөз түркүмдөрүнөн зат, сын, сан атоочторду, таандык, күдүк, суроолуу, тууранды атоочторду, таандык атоочтордун артка ээрчишин жана жазылышын окуп үйрөнүү каралган. 1941-жылдагы окуу планында кыргыз тилин V класста окутуу үчүн жумасына 6 саат убакыт бөлүнгөн [1. 22-26].

Кыргыз тилинин программалары кайрадан Улуу Ата Мекендик согуштан кийин барып гана иштеле баштады. V–X класстар үчүн 1947-жылдагы программада морфологиянын бизди кызыктырган материалдары атооч сөздөрдүн жиктелиши, атоочтон этиш жасоочу сөз жасоочу мүчөлөр менен толукталып, терминдерди жаңыртып өзгөртүүгө жасалган аракеттер дароо эле көзгө урунат. Бул эми, биздин оюбузча, К. Тыныстановдун «Морфологиясы» 1938-жылдан тарта окутуудан алынып ташталган соң, аны толугу менен

орус тилинин грамматикасынын үлгүсүнө салынган материалдар менен алмаштырууга карата көрүлгөн чаралардын айрым көрүнүштөрү эсебинде кабылданганы ылайык [2]. Андан да бул программада ар бир окуу материалына канча саат бөлүнгөнү көрсөтүлбөгөнү себептүү ар бир темага тийиштүү сааттардын көбөйгөнүн же азайганын аныктоо мүмкүн эмес.

1950-жылкы программада V класста морфологияны окутууга сааттар жетиштүү бөлүнгөн. Алсак, сөз курулушуна (уңгу жана мүчө) – 7 саат, сөз түрлөрүнө (жөнөкөй жана татаал сөздөр) – 14 саат, сөз мүчөлөрүнүн түрлөрүнө (туруктуу, оошмо, сыйлыгышма) – 6 саат, сөз түркүмдөрү жөнүндө жалпы түшүнүккө – 1 саат, зат атоочко – 30 саат, сын атоочко – 10 саат, сат атоочко – 9 саат, ат атоочко – 9 саат, этиш жөнүндө жалпы түшүнүккө – 6 саат, этиштин чагы жана жагына – 16 саат убакыт каралган (жалпы – 108 саат). Ал эми этиштин калган материалдары, тактоочтор жана кызматчы сөздөр VI класска деп чектелген [3. 13–2]. Ушунда үнсүздөрдүн алга жана артка карай ээрчишүүсүнүн материалдары морфологиянын материалдарынын ичине камтылып берилгенин программа түзүүчүлөрдүн кетирген капыстыгы, катачылыгы катары караса болот[3. 14].

1952-жылдагы программадагы негизги кемчилик, убагында профессор А. Осмонкулов калыс белгилеп кеткендей, «эне тилине берилген сааттардын (V класста 2 саатка) кыскарганына карабастан, окуу материалдарынын, теманын саны көбөйүп кеткенинде» болду [1. 129]. Алып карасак, программага жөндөмө уландыларга тийиштүү материалдар жаңыдан кошумчаланган. Ал эми үнсүздөрдүн алга жана артка карай ээрчишүүсүнүн – орфоэпиянын материалдары морфологиянын материалдарынын ичине камтылып берилгени дале мурдагы боюнча калтырылганын өкүнүү менен белгилей кетүү парз [4. 21–22]. Бул программада морфологияны V класста окуп өздөштүрүүгө жалпы 105 саат каралган.

1956–1957-окуу жылы үчүн программада V класста морфологияны окутуу үчүн саат-сабактардын көлөмү дээрлик өзгөрүүсүз калтырылган. Өкүнүчтүүсү, фонетикага же орфоэпияга тийиштүү үнсүздөрдүн алга жана артка карай ээрчишүүсүнүн материалдары дале морфологиянын курамында өзгөрүүсүз калтырылган. Андан да бул фонетикалык, тактап айтсак, орфоэпиялык материал 32 саат каралган «Сөздүн составы» бөлүмүнө камтылып, аны өздөштүрүүгө канча саат бөлүнөрү белгисиз [5. 11–14], ал эми 1952-жылдагыда 8 саатта окуп-үйрөнүлөрү так болчу.

Кыргыз тилинин 1957–1958-окуу жылы үчүн программасында V класска делинген морфологиянын материалдарынын жайгаштырылуусу, курамы кыйла өзгөртүлгөн. Сөздүн составына (курамына) жалпы 39 саат чектелип, мында сөздүн уңгусу жана мүчөсү, сөз жасоочу мүчөлөр *(программада «которуучу мүчөлөр» деп берилген – Б.Э.)*, жөнөкөй жана татаал сөздөр, булардын түрлөрү, мүчөлөрдөгү үндүүлөрдүн жана үнсүздөрдүн ээрчишүүсү, мүчөлөрдүн фонетикалык өзгөчөлүктөрүнө карай бөлүнүштөрү, мүчөлөрдүн жазылышы маселелерин окуп үйрөнүү каралган. Дале баягы көрүнүш. Кейпи, ал жылдары морфология эмнени үйрөтөрү, ал эми фонетика, орфоэпия эмнени үйрөтөрү дале акырына дейре аныкталып тактала элек болсо керек. Бул программада этиштин материалдары толугу менен VI класска ооштурулган [6. 11–14]. Бул V класста сөз түркүмдөрүнөн атооч сөз түркүмдөрү гана окуп-үйрөнүлөрүн көрсөтүп турат.

Мектептер жөнүндө 1959-жылы кабыл алынган мыйзамдын негизинде Кыргыз ССРинин Агартуу министрлиги сегиз жылдык жана он бир жылдык политехникалык орто мектептер үчүн окуу планынын долбоорун түзүп, ага ылайык кыргыз тили V класс-

та мурдагыдай жумасына 6 жолу эмес, 4 жолу өтүлө турган болуп калды [7]. Ушундан улам мектептер үчүн кыргыз тилинин программасынын долбоору түзүлүп, ал жалпы талкуудан өткөн соң, анын негизинде оңдолуп-такталып бир калыпка келтирилген туруктуу программа иштелип, колдонууга сунушталган.

1960–1961-окуу жылына карата бүткөрүлгөн жаңы программада көрсөтүлгөнгө ылайык V класста морфологияны окутуу иши мурдагыдай эле сөздүн составынын (курамдык компоненттеринин) каралышы менен ачылат. Мында уңгу жана мүчө, уланды (сөз өзгөртүүчү) жана куранды (сөз жасоочу) мүчөлөр, татаал сөздөр, алардын түрлөрү, кыскартылган сөздөр маселелери 17 саат-сабак ичинде өздөштүрүлө турган болот. Так ушул программада буга чейинкилеринде орун алып келген фонетикага жана орфоэпияга тийиштүү материалдар морфологияны окуп үйрөнүүнүн курамынан алып салынып, бир аз болсо да иретке келтирилгенсиди. Кыргыз тили предметинин негизги курсу (материалдары) мурдагыдай үч класска эмес (V–VII класстар), төрт класска (V–VIII класстар) жайгаштырылганы себептүү окуу материалдарын класстарга бөлүштүрүүдө өзгөрүүлөр жүрүп, жыйынтыгында V класста сөз түркүмдөрүнөн зат атооч (1+41) менен сын атооч (12 саат) гана өтүлүп, калган сөз түркүмдөрү VI класска жылдырылган [8. 2–3].

Кийинки 1961-жылы программада 1960-жылдагы материалдар ошол боюнча түк өзгөрүүсүз кайталанып басылган [9. 9–10]. 1964–1965-окуу жылына карата чыгарылган программа 1961-жылдагыны дээрлик өзгөртүүсүз кайталайт, бөлүнчү саат-сабактардын катыштары да ошол боюнча [10. 11–12]. 1965-1966-1968-жылдардагы программалар – 1961-1964-жылдардагы программалардын кайталанып басылышы [11, 12, 13. 11–12].

1969-жылы мектептик орто билим берүүнүн жаңы концепциясы иштелип чыгып, натыйжада башталгыч билим берүү III класс менен жыйынтыктала турган болду. Ушундан улам, программанын жаңы долбоору иштелип чыгып, мектептеги кыргыз тили предметинин буга чейин V–VIII жана IX–X класстарда өтүлчү толук курсу бир аз оңойлоштурулуп, негиздүүлөрү алынып, жалпылап тааныштыруу, сынак жүргүзүү максатында 1970–1971-окуу жылынан тарта IV класста окуп-үйрөнүлүп баштаган. Ошондо IV класста бизди кызыктырган морфологиядан сөз составы жана сөз жасалышы (16 саат), сөз түркүмдөрү жөнүндө түшүнүк (1 саат), зат атооч (18 саат), сын атооч (6 саат), этиш (20 саат) өтүлөт. Бул класста этиштин мааниси жана негизги грамматикалык белгилери, синтаксистик кызматы жана чактары өздөштүрүлүшү белгиленген [14. 16–17], материалдарынын калганы V жана VI класстарга жылдырылган. Арийне, изилдөө ишибиздин темасына ылайык морфологиянын материалдарынын кыргыз тилинин V класс үчүн программасынан орун алышын талдоодо мына ушул 1970–1971-окуу жылынан тарта ортоңку баскычтын баштооч классы болуп калган IV класска басым койгонубуз ылайык болуп турат, себеби андагы IV класс 1989-жылдан баштап 11 жылдык билим алууга өткөндөгү V класс – азыркы учурдагы V класс болуп эсептелинет. Бул көз караш-пикирибиздин аныктыгына биз кыргыз тилинин ошондогу IV класс үчүн программасынын материалдарын азыркы колдонууда турган V класс үчүн программанын материалдары менен салыштыра карап отуруп ынандык.

Программанын долбоору кийинки 1970–1971-окуу жылына карата туруктуу үлгүдө иштелип чыгып, мектептерге колдонуу үчүн сунушталган. Мындагы окутуу иши алгач республиканын айрым мектептеринде сынак эсебинде алып барылган IV класста (азыркы V класс) морфологияны окуп-үйрөнүү сөздүн составын (курамдык компоненттерин) жана сөздүн жасалышын – сөздүн уңгусун

жана мүчөсүн, сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдү, алардын түрлөрүн 16 саат-сабак көлөмүндө өздөштүрүүдөн башталган. Зат атоочко жалпы 18 саат каралып, бул жолкуда зат атоочтун мааниси жана негизги грамматикалык белгилери, сүйлөм тизмегиндеги аткарган кызматы, зат атоочтун энчилүү жана жалпы ат болуп бөлүнүшү, зат атоочтун жекелик жана көптүк санда колдонулушу маселелерин окуп-үйрөнүү көңүлгө алынган. Программада сын атоочтун материалдарын – сын атоочтун маанисин жана негизги грамматикалык белгилерин, сүйлөм тизмегинде аныктоочтук милдет аткарышын, сын атоочтун даражаларын 6 саат убакыт аралыгында үйрөнүү каралган. Этишке жалпы 15 саат чектелип, мында этиштин негизги грамматикалык белгилери, этиш сөздөрдүн сүйлөмдө баяндоочтук милдет аткарышы, негизги жана жардамчы этиш, жөнөкөй жана татаал этиш, этиштин чактары окуп-үйрөнүлгөн [15. 16–17].

Кыргыз тилин жаңы программанын негизинде IV класста окутуу иши 1971–1972-окуу жылынан тарта республиканын бүткүл аймактарына жайылтылган. 1970-жылы иштелип сунушталган кыргыз тилинин программасы кийинки 1971–1972-окуу жылына карата эч өзгөрүүсүз кайталанып басылып (мында кеп IV класстагы морфологиянын материалдары тууралуу жүрүп жатат – Б.Э.) колдонулган[16. 16–17]. Арийне, программанын кийинки 1975-1979-жылкы, ал гана эмес 1980-1983-1985-жылдардагы басылыштары да 1970-жылдагысы боюнча өзгөрүүсүз калтырылган. [17, 18, 19, 20, 21. 15–16, 14–15, 7–8, 10–13, 10–13]. Ырас, 1980–1981-окуу жылынан тарта сөздүн составына (курамына) жана сөз жасоого 10 саат, морфология жана орфография жөнүндө түшүнүккө 1 саат, зат атоочко 13 (1980-жылкыда – 14 саат) саат, сын атоочко 6 саат, этишке 16 (1980-жылкыда – 13 саат) саат берүү жагы каралган, материалдары мурдагы боюнча өзгөрүүсүз калтырылган. Айтмакчы, 1983–1984-окуу жылы үчүн иштелген программада сөздүн составы (курамы) жана сөз жасоо, эмнегедир, морфологияда камтылбай өзүнчө берилиптир. Чынында, бул материалдар морфологияга түз-дөн-түз тийиштүү, анын объектиси, андыктан мурдагыгы боюнча калтырылганы оң болмок. Тилекке каршы, окуу материалдарын ушундайча жайгаштыруу практикасы ушу азыркыга чейин улантылууда. Балким, туурадыр?.. Аныгы, бул жагдай тил илиминде сөз жасоону өз алдынчалуу бөлүм эсебинде кароо позициясынан улам келип чыкты окшойт.

Республикабыз 1989-жылдан тарта 4 жылдык башталгыч бирим берүүгө өткөрүлгөнүнө байланыштуу мектеп он бир жылдык болуп калды. Натыйжада, мурдагы IV класс V класс, V класс VI класс болуп эсептелинип баштады ж.б. (камтыган материалдары бирибирине дал келери анык – Б.Э.) 1994–1995-окуу жылы үчүн программаны карап чыгып, бөлүнчү сааттардын катышынан гана айрым айырмачылыктар болуп, ал эми окуу материалы 1989-жылга чейинки IV класста кандай болсо, дээрлик (сын атоочтун даражалары VI класска жылдырылат) так ошол боюнча калтырылганына ынандык. Ошондо он бир жылдык мектептин V классында морфологияга тийиштүү материалдардан сөздүн составдык бөлүктөрүнө (уңгу жана мүчө, тубаса жана туунду уңгулар, сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөр, үйрөтүүчү жана түшүндүрүүчү жазуу жумуштары, сөздүн составдык бөлүктөрү боюнча талдоо, сөз маданияты) – 10 саат; морфология жөнүндө жалпы түшүнүккө *(сөз түркүмдөрү, маани берүүчү жана кызматчы сөз түркүмдөрү) – 2 саат (Программада «Морфология жана орфография» деп турат, а чынында бул жерде орфография тууралуу түк сөз жок. Мукабада «орус мектептери үчүн» деп жаңылыш жазылган – Б.Э.)*; зат атоочко (зат атоочтун сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү, энчилүү жана жалпы зат атоочтор, зат атоочтун сөз

өзгөртүүчү мүчөлөр, көптүк *-лар* мүчөсү менен өзгөрүшү, таандык мүчөлөр, зат атоочтун жакталышы, үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары, сөз маданияты) – 16 саат; сын атоочко (сын атоочтун сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү, жөнөкөй жана татаал сын атooч, тубаса жана туунду сын атooч, татаал сын атоочтун синтаксистик жол менен жасалышы, үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары, сын атooч боюнча талдоо, сөз маданияты) – 8 саат; этишке (этиштин сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү, жөнөкөй жана татаал, тубаса жана туунду этиштер, этиштин жакталышы, этиштин чактары, үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары, этиш, этиштин чактары жана жакталышы боюнча талдоо, сөз маданияты) – 22 саат каралган [22. 20–22].

1996–1997-, 2000–2001-, 2003–2004-окуу жылдары үчүн сунушталган программаларда V класстагы морфологиянын материалдары 1994-жылкыда кандай болсо, так ошол боюнча өзгөрүүсүз калтырылган [23, 24, 25. 19–22, 19–22, 20–22].

Учурда колдонууда турган, 2014–2015-окуу жылына карата басылган программада көрсөтүлгөнгө ылайык, V класста морфологияны окутууда сөз жасоого, сөздүн курамына жана кеп маданиятына жалпы 8 саат каралып, мунун 1 сааты сөздүн курамына – уңгу жана мүчө, алардын мүнөздүү белгилерине, 2 сааты сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөргө, 1 сааты туунду жана уңгулаш сөздөргө, тубаса сөз жөнүндөгү түшүнүккө, 1 сааты кеп маданиятына, 2 сааты үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштарына, акыркы 1 сааты сөздүн курамдык бөлүктөрү боюнча талдоого деп чектелген. Андан ары сөз түркүмдөрү (морфология): маани берүүчү, кызматчы жана өзгөчө сөз түркүмдөрү жөнүндөгү түшүнүккө 2 саат бөлүнүп, дагы 15 саат зат атточ жана кеп маданиятына, мунун ичинен зат атоочтун сөз түркүмү катары мүнөздөмөсүнө 1 саат, жөнөкөй жана татаал зат атоочторго, тубаса жана туунду зат атоочторго, туунду зат атоочтордун морфологиялык жол менен жана татаал зат атоочтордун синтаксистик жол менен жасалышына 2 саат, энчилүү жана жалпы зат атоочторго, энчилүү зат атоочтордун жазылышына 2 саат, зат атоочтун сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен өзгөрүшүнө 2 саат, таандык мүчөлөр: жак таандык жана жалпы таандык мүчөлөргө – 2 саат, зат атоочтун жакта-лышына 1 саат, кеп маданиятына 1 саат, үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштарына 3 саат, зат атooч жана анын сан, таандык категориялары боюнча талдоого 1 саат берилген. Сын атooч жана кеп маданиятына жалпы 8 саат пландаштырылып, мунун 1 сааты сын атоочтун сөз түркүмү катары мүнөздөмөсүнө, 2 сааты жөнөкөй жана татаал сын атоочторго, тубаса жана туунду сын атоочторго, туунду сын атоочтордун морфологиялык жол менен жана татаал сын атоочтордун синтаксистик жол менен жасалышына, 3 сааты үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштарына, 1 сааты сын атooч боюнча талдоого деп көрсөтүлгөн. Этиш жана кеп маданиятына жалпы 17 саат каралган. Мында этиштин сөз түркүмү катары мүнөздөмөсүнө 1 саат, жөнөкөй жана татаал этишке, тубаса жана туунду этишке 1 саат, туунду этиштин морфологиялык жол менен жана татаал этиштин синтаксистик жол менен жасалышына 1 саат, татаал этиштердин маанилик, грамматикалык табиятына 1 саат, этиштин жакталышына 3 саат, этиштин чактарына 6 саат, кеп маданиятына 1 саат, үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштарына 3 саат, этиш, этиштин чактары жана жакталышы боюнча талдоого 1 саат бөлүнгөн. Бул программанын мурункуларынын артыкчылыктуу жагы – окуу материалдарынын сабак-сааттарга үлөштүрүп бөлүштүрүлгөнүндө. Бул жагдай сөзсүз мектептеги кыргыз тили мугалиминин ишин кыйла жеңилдетүүгө мүмкүнчүлүк түзөт [26. 16–19].

Ал эми 2015–2016-окуу жылы үчүн чыгарылган окуу программасы жогорудагы окуу-нормативдик документтин түк өзгөрүүсүз кайталанып кийинки басылышы гана болуп эсептелинет [27. 16–19].

**Адабияттар:**


1. Осмонкулов А. Эне тилин окутуу тарыхынан. – Ф.: Мектеп, 1983.
2. Толук эмес жана орто мектептер үчүн кыргыз тилинин программасы. Түзүүчүлөр: З. Бектенов, К. Бакеев. – Ф.: Кыргызмамбас, 1947.
3. Кыргыз тилинин программасы. Жети жылдык жана орто мектептин V–VII класстары үчүн. – Ф.: Кыргызмамбас, 1950.
4. Кыргыз тили жана адабияттык окуунун программалары. Жети жылдык жана орто мектептердин V–VII класстары үчүн. – Ф.: Кыргызмамбас, 1952.
5. Кыргыз тили жана адабияттык окуунун программалары. Жети жылдык жана орто мектептердин V–VII класстары үчүн. – Ф.: Кыргызокуупедмамбас, 1956.
6. Кыргыз тили жана адабияттык окуунун программалары. Жети жылдык жана орто мектептин V–VII класстары үчүн. – Ф.: Кыргызокуупедмамбас, 1957.
7. Мугалимдер газетасы, 1959, 13-февраль.
8. Кыргыз тили жана адабияттык окуу боюнча программа. 1960–1961-окуу жылы үчүн сегиз жылдык жана он бир жылдык мектептин V–VI класстары үчүн. – Ф.: Кыргызокуупедмамбас, 1960.
9. Кыргыз тили жана адабияттык окуу боюнча программа. 1961–1962-окуу жылы үчүн сегиз жылдык жана он бир жылдык мектептин V–VIII класстары үчүн. – Ф.: Кыргызокуупедмамбас, 1961.
10. Сегиз жылдык мектептин программалары. Кыргыз тили жана адабият (V–VIII класстар үчүн). – Ф.: Кыргызокуупедмамбас, 1964.
11. Сегиз жылдык мектептин программалары. Кыргыз тили жана адабият (V–VIII класстар үчүн). – Ф.: Мектеп, 1965.
12. Сегиз жылдык мектептин программалары. Кыргыз тили жана адабият (V–VIII класстар үчүн). – Ф.: Мектеп, 1966.
13. Сегиз жылдык мектептин программалары. Кыргыз тили жана адабият (V–VIII класстар үчүн). – Ф.: Мектеп, 1968.
14. Орто мектептер үчүн кыргыз тилинин жана адабиятынын программасы. Долбоор. IV–X класстар үчүн. – Ф.: Мектеп, 1969.
15. Сегиз жылдык жана орто мектептер үчүн кыргыз тилинин жана адабиятынын программасы. 1970–1971-окуу жылы. – Ф.: Мектеп, 1970.
16. Сегиз жылдык жана орто мектептер үчүн кыргыз тилинин жана адабиятынын программасы. 1971–1972-окуу жылы. – Ф.: Мектеп, 1971.
17. Сегиз жылдык жана орто мектептер үчүн кыргыз тилинин жана адабиятынын программасы. 1975–1976-окуу жылы. – Ф.: Мектеп, 1975.
18. Сегиз жылдык жана орто мектептер үчүн кыргыз тилинин жана адабиятынын программасы. 1979–1980-окуу жылы. – Ф.: Мектеп, 1979.
19. Кыргыз тилинин жана адабиятынын программасы. IV–X класстар үчүн. – Ф.: Мектеп, 1980.
20. Кыргыз тилинин программасы. IV–X класстар үчүн. – Ф.: Мектеп, 1983.
21. Кыргыз тил, адабият жана факультативдик сабактардын программасы. IV–X класстар үчүн. – Ф.: Мектеп, 1985.
22. Кыргыз тилинин программасы. V–XI класстар үчүн. – Б.: Кыргызстан, 1994.
23. Кыргыз тилинин программасы. Орто мектептин V–XI класстары үчүн. – Б.: Кыргызстан, 1996.
24. Кыргыз тилинин программасы. Орто мектептин V–XI класстары үчүн. – Б.: Педагогика, 2000.
25. Кыргыз тили. Жалпы билим берүүчү орто мектептер үчүн программа. V–XI класс. – Б.: «МОК» басма борбору, 2003.
26. Кыргыз тилинин программасы. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн орто мектептердин жана гимназиялардын 5–11- класстары үчүн. – Б., 2014.
27. Кыргыз тилинин программасы. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн орто мектептердин жана гимназиялардын 5–11- класстары үчүн. – Б., 2015.


***Рецензент: п.и.д. профессор Рысбаев С.К.***